Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин
кезектеги жыйынынын
**ПРОТОКОЛУ**

**22-декабрь, 2022-жыл №2, Ош шаары**

Төрайымы: С.С.Ибраимова
Катчысы: Г.М.Даниярова

Катышкандар: окумуштуулар кеңешинин19 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышты. (3 себептүү)

1. Ибраимова С.С.
2. Нурдинова К.Х.
3. Акаев А.А.
4. Курбанбаев К.А.
5. Азимова Ж.Ч.
6. Эркебаев Э.М.
7. Аматова Г.Р.
8. Раджапова Н.
9. Ташыбаева А.К.
10. Бердибек уулу Ч.
11. Эсеналиева А.Д.
12. Даниярова Г.М.
13. Матназаров С.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. 2022-2023-окуу жылындагы “эл аралык мамилелер”, “чыгыш таануу” жана “лингвистика” багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасын, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитүү жөнүндө**

Программа жетекчилери: Н.Раджапова, В.Б.Джаныбекова, Э.М.Эркебаев.

**2. Факультеттин эл аралык байланыштары, окутуучулардын жана студенттердин эл аралык долбоорлор менен иштөөсү, “Академиялык алмашуу” программасы боюнча иштердин жүрүшү жана маселелери**

Эл аралык байланыштар боюнча координатор: Г.Б. Сулайманова

**3. 2022-2023-окуу жылында факультеттеги студенттердин келишимдик төлөмдөрдү төлөө абалы жөнүндө**

Декандын тарбиялык иштер жана келишимдик төлөмдөр боюнча орун басары: С. Матназаров

**4. 2022-2023-окуу жылындагы студенттердин практикасын уюштуруу маселеси**

Факультеттин практика жетекчиси: С.А. Акматов

**5. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 19 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга –3-5мин.,
жарыш сөзгө –3мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1-маселе.**
**2022-2023-окуу жылындагы “эл аралык мамилелер” жана “чыгыш таануу” жана багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасын, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитүү жөнүндө**

Программа жетекчилери: Н.Раджапова, В.Б.Джаныбекова, Э.М.Эркебаев.

**УГУЛДУ: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул окуу жылында бизде “эл аралык мамилелер” багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасын, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитип берүүбүз керек. Сөз программа жетекчилерине берилсе.
**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: Н. Раджапова:** Бул окуу жылында Эл аралык мамилелер багыты боюнча бакалавриатты 4 группа, тагыраак айтканда МО-1-19 тайпасында- 27, МО-3-19 тайпасында- 25, МО-4-19 тайпасында- 28, жана МО-5-19 тайпасында-24 студент аяктаганы турат. Биз студенттер менен квалификациялык иштерди жазуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен, илимий жетекчилери менен биргеликте темаларын тактадык. Алар менен таанышып чыксаңыздар болот.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: В.Б.Джаныбекова:** Быйылкы окуу жылында эл аралык мамилелер багыты боюнча магистратурага 20 магистрант, чыгыш таануу багыты боюнча 16 магистрант кабыл алынды. Алар илимий жетекчилери менен биргеликте илимий темасын тандашты. Алар менен таанышып чыксаңыздар болот.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: Э.М. Эркебаев:** Бул окуу жылында Чыгыш таануу багыты боюнча бакалавриатты 1 группа 32 студент аяктаганы турат. Биз студенттер менен квалификациялык иштерди жазуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен, илимий жетекчилери менен биргеликте темаларын тактадык. Алар менен таанышып чыксаңыздар болот.

**УГУЛДУ: С.С.Ибраимова:** Бул маселе боюнча кимде кандай сунуш бар? Сунуштар болбосо кийинки маселеге өтсөк.

**2. Факультеттин эл аралык байланыштары, окутуучулардын жана студенттердин эл аралык долбоорлор менен иштөөсү, “Академиялык алмашуу” программасы боюнча иштердин жүрүшү жана маселелери**

Эл аралык байланыштар боюнча координатор: Г.Б. Сулайманова

**УГУЛДУ: С.С.Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү! Баарыңыздар билгендей биздин факультет мобилдүүлүк боюнча университетте алдыңкы орундарда турат. Иштердин жүрүшү боюнча Г.Сулайманова баяндап берсе.

Эл аралык программалар боюнча координатор жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу айтып берди. (Презентация тиркелет)

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: К.Х.Нурдинова:** Бул иштер биздин факультет үчүн канааттандыраарлык эмес. Кураторлор жакшы иштебей жатышат. Көп убактарда студенттерге маалымат жетпей калып жатат. Ошондуктан кураторлорго милдеттендириш керек.

**3. 2022-2023-окуу жылында факультеттеги студенттердин келишимдик төлөмдөрдү төлөө абалы жөнүндө**

Декандын тарбиялык иштер жана келишимдик төлөмдөр боюнча орун басары: С. Матназаров

**УГУЛДУ: С.С.Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, дүйнөдө түзүлгөн кырдаал экономикага терс таасирин тийгизип, мындан жалпыбыз эле жабыркап жатабыз. Көп студенттер жана ата-энелер контрактык төлөм боюнча проблемалары бар экендигин айтып, кайрылып жатышат. Бирок студенттердин баары түзүлгөн келишимдердин негизинде жалпы сумманын 50%ын окуу жылдын биринчи жарымында төлөшү керек.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: Контрактык төлөмдөр боюнча декандын орун басары С.Матназаров презентация жасады (Презентация тиркелет).**

Ата-энеси жок толук жетимдер, же ата-энесинин бири жок болсо, майыптыгы бар жана ОшМУда бир үйдөн 3 бир тууган окуган болсо аларга же**ңилдет**үүлөр каралган. Контракты убагында төлөбөсө анда модуль, экзамен алганда проблемалар болушу ыктымал. Ошондуктан бардык окутуучуларды айрыкча кураторлорду активдүү иш алып барууга чакырат элем.

**4-маселе: 2022-2023-окуу жылындагы студенттердин практикасын уюштуруу маселеси.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Жазгы семестрде эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу багыттарынын 2, 3, жана 4-курстун студенттерин практикага чыгарышыбыз керек. Анда алдыга коюлган пландар боюнча маалыматты практика жетекчиси С.А.Акматов берсе.

С.А. Акматов практика боюнча план жана келишимдер менен тааныштырды. (Презентация тиркелет)

**Жарыш сөзгө чыккандар: эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:** Студенттердин практикасы боюнча географиясын кеңейтсек жакшы болмок. Кээ бир студенттер Жогорку Кеңеште, башка облустардагы жайгашкан уюмдардан практикадан өтүү боюнча каалоолорун билдирип жатышат. Ушул боюнча да иштерди алып барсак жакшы болмок.

**4. Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Декабрь айында Сапат департаментинен келген комиссия бир күн бою биздин окутуучулардын сабактарына киришип, анализ жүргүзүшкөн. Жыйынтыгын бизге жөнөтүштү. Айрым

кесиптештерибиз сабака жакшы даярданып келбеген учурлар катталган. Кээ бир окутуучулар сабакты өз деңгээлинде өтө алышкан эмес. Азыр бизде жакшы эле шарттар бар. Ошолорду пайдаланып, сабактарыбызды кызыктуу өтсөк. Январь айында өтүүчү семинарларга катышсаңыздар, өзгөчө биздин жаш кесиптештер. Алдыда келе жаткан кышкы сессияны жакшы өткөзүп алалы. Баарыныздарды жаңы жылыңыздар менен!

Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.1 2022-2023-окуу жылындагы “эл аралык мамилелер” жана “чыгыш таануу” багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасы, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темалары жана жетекчилери бекитилсин.
2.1 Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Г.Б.Сулаймановага жүктөлсүн.
3.1. Контрактык төлөмдөр боюнча декандын орун басары берген сунуштар эске алынсын;
3.2 Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө кураторлорго жана контрактык төлөмдөр боюнча декандын орун басары С. Матназаровго жүктөлсүн.
4.1. 2022-2023-окуу жылындагы студенттердин практикасын уюштуруу боюнча иш-чаралар күчөтүлсүн.

**Төрайымы:** **С.С. Ибраимова**

**Катчысы:** **Г.М. Даниярова**